**БАТАКАНОВА С.Т.**
lib.knu@mail.ru

# КӨРКӨМ ЧЫГАРМАНЫ ОКУТУУНУН МЕТОДДОРУ

Адабиятты окуу предмети катары окутууда көркөм окуу методу ылайык. Көркөм кабыл алуусун күчөткөндө, искусствонун жардамы менен кайгыруусун, көркөм шыгын жана жөндөмдүүлүгүн калыптандырганда окутуунун бул методунун максаты жана өзгөчөлүктөрү жыйынтыкталат. Ошол эле учурда көркөм кабыл алуусу, эстетикалык кайгыруусу – адабиятты илим катарында түшүнүүнүн биринчи жана керектүү баскычы. Чыгарманы кабыл алуу процессинин негизинде, көркөм өзгөчөлүктөрүн өздөштүрөт.

Көркөм чыгарманы окуу илимий, публицистикалык тексттерди окуудан өзгөчөлөнүп турат. Ал сөзгө, фразага, ритмге атайын көңүл бөлүүнү талап кылып, кыялдануу, эмоционалдык кайгыруу сезимдерин ойготот. Окуучуларды көркөм сөздү угууга, аны баалоого, ыракат алууга, өз оюн айтууга жана көркөм жазууга үйрөтүү керек.

Көркөм чыгарманы чыгармачылык менен окуу методу түз маанидеги жөн гана «окуу» эмес; ал мугалимдин ар кандай методикалык ыкмаларында жана окуучулардын искусствону чыгармачылык түшүнүүсүнө өбөлгө болот. Окуучулар чыгарманы терең өздөштүргөндөн кийин, чыгарманы окуп баштаарда же ага анализ жүргүзгөндөн кийин бул метод колдонулат.

Чыгармачылык окуу методуна төмөнкү методикалык ыкмалар ылайыктуу: мугалимдин көркөм окуусу; көркөм сөз чеберлеринин окуусу; актёрлордун пьесанын айрым сценаларын (радио, телевидениеден жазып алынган) аткаруу; окуучуларды көркөм окууга үйрөтүү; эмоционалдык туура жана терең түшүнүү максатында мугалимдин көркөм чыгарманы түшүндүрүп (комментарийлеп окуу) окуусу жана анын кыскача сөзү; окулган чыгарманы кабыл алуусун күчөтүү үчүн аңгемелешүү; окулган чыгарманы өздөштүрүү үчүн сабакта (көркөм, нравалык, коомдук-саясий проблемаларды чагылдырган) постановкаларды коюу, окуучулардын турмуштук байкоолору же чыгармадагы текст боюнча чыгармачылык тапшырмалар.

Окуучулардын окуу ишкердигинин түрлөрү: үйдө жана класста көркөм окуу; көркөм жаттоо; көркөм окууну угуу; эпизоддун аталыштарын көркөм жана таасын чагылдырган план түзүү; текстке ылайык көркөм айтып берүү; сценарий түзүү; окулган чыгарма боюнча иллюстрациялап сүрөт тартуу; окулган китеп жөнүндө, кинокартина, спектакль, радио жана телепостановка тууралуу окурмандардын пикири; текстке ылайык иллюстрацияларды көрүү жана аларды баалоо; сочинение жазуу. Ошентип, окуучулардын окуу ишкердигине жараша, ыкма тандалып алынат. Мугалим окуучулардын иштөө аракетин жетектейт.

Окуучулардын билим алуу логикасынын кийинки баскычы окуу материалынын кеңейиши жана окуу ишкердигинин түрүнүн өзгөрүшү менен шартталат. Мына ушул баскычта да негизги окуу материалы болуп көркөм чыгарма кала бермекчи, бирок аны терең анализдөөдөн, жаш өзгөчөлүгүн, класстык окуу программасын эске алуу менен адабият жөнүндөгү илимдин элементтерин окутуу зарыл.

Бул баскычта окуучулардын эмоционалдык кабыл алуусу тереңдетилип, алардын интеллектуалдык аракети күчөйт. Чыгарманы өздөштүрүү, аны анализдөө, жазуучу чагылдырган көркөм, нравалык, коомдук жана философиялык проблемаларды чечүү менен байланышкан. Мугалимдин милдети – бул проблемаларды көтөрүп чыгууга, көркөм тексттен алардын чегүү жолдорун табууга, чыгарманы анализдөөгө, оозеки жана жазуу түрүндө өз ойлорун так, тартиби менен айтып берүүгө багыттоо эвристикалык (жеке изденүү методу) методу мына ушуларга мүмкүнчүлүк түзөт.

Мындай метод көбүнчө эвристикалык аңгемелешүүдө жүзөгө ашат. Бирок, окуучулар керектүү маалыматты алышса, анда аңгемелешүүнүн ордуна, окуучулардын даярдыгына жараша өз алдынча тапшырмалар же суроолор берилет.

Эвристикалык (жеке изденүү) методуна төмөнкү ыкмалар мүнөздүү:

Окуянын өнүгүшүнө ырааттуу байкоо жүргүзүүдөн – анализдөөгө, жеке мүнөздөгү жыйынтыктоодон – жалпылап корутундулоого багытталган логикалык так (көркөм анализдөө

боюнча, сын макала боюнча, теориялык жана тарыхый-адабий суроолор боюнча) суроолор тизмегин түзүү; эвристикалык аңгемелешүүнүн суроолор тизмеги окуучулардын өз алдынча маалыматты алуусун көргөзбөстөн, алардын методдорун жана жолдорун ачып көрсөтүүнү талап кылат.

Көркөм чыгарманын тексти же сын макалалар боюнча тапшырмалар тизмесин түзүү (жазуу же оозеки түрдө).

Мугалим же окуучулар тарабынан программалардын туура коюлушу, диспут өткөрүү.

Эвристикалык метод окуучулардын адабий чыгармаларды анализдөө методун өздөштүрүүгө, тарыхый-адабий процесстин законченемдүү фактыларын, адабият теориясы боюнча түшүндүрмөлөрдү өздөштүрүүгө жардам берет. Бул метод окуучулардын критикалык ойлонуусун өөрчүтүп, өз алдынча билим алууга үйрөтөт.

Эвристикалык методдогу окуучулардын ишмердигинин түрлөрү: мугалим тарабынан берилген суроого көркөм чыгармадан, сын макалалардан, окуу китептеринен жана колдонмолордон жооп табуу; анализдөө элементтерин колдонуп текстти айтып берүү; окутуучунун тапшырмасы боюнча эпизодду, сценаны, (чакан) чыгарманын баарын анализдөө; чакан чыгарманын бөлүгүнүн же жалпы композициясын анализдөөчү ык катары план түзүү; каармандардын образын анализдөө; каармандарды, эпизоддорду, пейзаждарды, чыгарманын стилдик өзгөчөлүктөрүн салыштыруу анализи; жайылтылган жооптун, докладдын, сочинениенин планын түзүү; чыгарманы анализдөө жыйынтыгын жазып баяндоо, проблемаларды туура коюу жана аларды чечүүдө адабият булактары менен гана чектелбестен, искусствого жакын материалдарды колдонуу; диспуттарда чыгып сүйлөө; айрым жана жалпы темалар боюнча сочинение жазуу.

Изилдөөчүлүк методунун максаты – окутулуп жаткан предметтин мурда сабак учурунда (окутулбаган) чагылдырылбаган жаңы жактарын (аспектилерин) ачып көрсөтүү, чыгармага өз алдынча анализ жүргүзүүгө үйрөнүүнү өнүктүрүү, анын идеялык жана көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн баалоого үйрөнүү, көркөм табитти өркүндөтүү болуп саналат. Ага жетишүү үчүн проблемалуу суроолорду берүү менен изилдөөчүлүккө (изденүүгө) багытталган тапшырмаларды берүү жолдору аркылуу ишке ашырылат.

Изилдөөчүлүк методу эвристикалык методго аткарган кызматы боюнча окшош. Алардын бири-биринен айырмачылыгы төмөндөгүчө: эвристикалык (жарым-жартылай изилдөөчүлүк) методдо мугалим тапшырманы зарыл деп эсептеген учурларда гана окуучулардын изилдөөсүнө багыт берет. Ал эми, изилдөөчүлүк методунда окуучулар мурда өздөштүргөн иштөөнүн ыктарын колдонушуп, өз алдынча татаал маселелерди чече алышат, мурда билген билим- туюмдарын талап кылган конкреттүү жаңы материалдарга колдонуу менен өздөрүнүн негизделген, далилденген ой жүгүртүүлөрүн пайдалана алышат.

Изилдөөчүлүк методу сабак учурунда, өзгөчө семинардык сабактарда, адабий конференцияларда колдонулат. Изилдөөчүлүк методунун ыктары: мугалим тарабынан жалпы класска проблема (маселе) коюлат, бул проблемалардын (маселелердин) кээ бири окуучулардын группасы менен аткарууга же ар бири менен жеке иштөөгө болот; же баяндама окуу же оппонент катары талкуулоо менен программа боюнча окулбаган көркөм чыгармага эстетикалык, адабият таануу, тарбиялык маселелерине анализ жүргүзүү, чыгармачылык мүнөздөгү тапшырмаларын окуучунун өз алдынча аткаруулары кирет. Мугалим маселелерди, темаларды көтөрүү менен бирге окуучулардын туура багытта иштөөсүнө кеңеш- багыт берет.

Изилдөөчүлүк методундагы окуучулардын иш-аракеттери: окутулуп жаткан чыгарманын бир бөлүгүнө өз алдынча анализ жүргүзүү; мектепте окубаган чыгармага толук талдоо жүргүзүү; эки же андан ашык адабий чыгармаларды салыштыруу; адабий чыгармалар менен алардын экрандаштырылган варианттарын салыштыруу, спектаклдерди өз алдынча баалоо; көргөн кинофильмдерге баа берүү, көркөм сүрөт көргөзмөсүнө, теле жана радиопостановкаларга баа берип, өз оюн айта билиши жана башка иштер кирет. Алардын жыйынтыктары баяндамаларга чагылдырылат (семинардык жана класстык сабактарда) башка класстардын окуучулары үчүн да окуп берүүгө мүмкүн, дил баяндарда, талкууларда (диспуттарда), газеталардагы макалаларда же мектептеги адабий журналдарда чагылдырылса да болот. Бул иштерди аткарууда окуучулар адабият таануу илими менен мугалимдин жетекчилиги аркылуу таанышат. Изилдөөчүлүк методунда окуучулардын ой жүгүртүүсүнө, анализдөө жана далилдөөлөрүнө өзгөчө талап кылуу керек. Бул метод окуучуларды каталог

менен иштөөгө үйрөтөт, берилген тапшырманы аткаруу үчүн керек китепти карап табууга, конспектилөөгө, цитаталарды пайдаланууга, оозеки жана жазуу жүзүндөгү дил баяндарга план түзүүгө үйрөтөт.

Эвристикалык жана изилдөөчүлүк методдору окуучулардын ой жүгүртүүсүн өстүрөт, окуу предметине байланыштуу иштерге карата ыкмаларды иштеп чыгууга багыттайт. Советтик мектептердин узак убакыт бою бул методдор менен гана иш алып баруулары (ар түрдүү аталыштар менен ар түрдүү мезгилдерде кеңири колдонулган, өзгөчө 20-жылдары колдонулган) билимдин системалуулугун кеңири камсыз кыла албастыгын көрсөткөн. Биринчиден, өз алдынча бардык билимдердин өздөштүрүлүшү үчүн жалпы билим берүүчү орто мектептердин шартына караганда көп убакыт керектелмек; экинчиден, кээ бир билимдер (мисалы, тарыхый-адабияттык фактылар) ой жүгүртүү менен фактыларга жетишүүгө мүмкүн эмес, ал эми окуучуларга татаал болгон илимий эмгектерге же энциклопедияларга жиберүү максатка ылайык келбейт. Бул учурларда мугалим окуучулар так маалымат ала алгандай китептерди, өзгөчө, окуу куралдарын сунуш кылуусу зарыл. Ошондуктан, мектепте адабиятты окутууда репродуктивдүү метод менен окутуу зарылдыгы келип чыгат.

Репродуктивдүү методдун маңызы окуучулар билимдерди даяр түрүндө - мугалимдин сөзүнөн, лекциясынан, китептен, окуу куралдарынан, илимий-популярдуу китептерден, сын макалалардан ж.б. алышат.

Репродуктивдүү метод – догматика эмес: окуучуларга айтылган билимдин мүнөзү механикалык түрдө эске тутууда эмес, акыл-эске сиңирип түшүнүүсүндө. Билимдин күчү эске тутууда эле эмес, окуучунун ой жүгүртүүсүнүн интенсивдүүлүгүнө да байланыштуу: «Только сочетание направленности на запоминание и высоких форм интеллектуальной активности действительно создает прочную основу максимально успешного заучивания, делает запоминание наиболее продуктивным» [1].

Окуучулардын ой жоруусун жогорулатуу үчүн репродуктивдүү методдо мугалим проблема көтөрүп чыгат да, анын маңызын ар тараптуу көз караште чечүүнүн туура жолдорун ачууга багыт берет. Репродуктивдүү методдун жардамы менен педагог тигил же бул билимдерди эле айтып бербестен, алган билимин кандайча пайдаланууга болорун көрсөтө алгандыгында. Мисалы, мугалим окуучулардын көңүлүн атайын бурат да бир чыгармага, ырга, же бир эпизодго, же бир каармандын образына анализ жүргүзөт, андан кийин окуучуларга ушуга (ушул анализге) окшош материалга же чыгармага анализ жүргүзүүгө тапшырма берет.

Репродуктивдүү методдун мааниси окуучуларга жаңы маалымат берүү эле эмес, алар алган билимдердин суммасын жалпылоо, искусство жана илимдин перспективаларын ачып көрсөтүү.

Репродуктивдүү методдун ыкмалары: жазуучунун өмүрү, чыгармачылыгы жөнүндөгү мугалимдин аңгемеси; окуу куралдарын пайдалануу менен техникалык каражаттарды колдонуу менен жалпылоо лекциясы; окуу китеби боюнча, окуу куралдары боюнча тапшырмалар, бул жерде окуган текстти механикалык түрдө эске тутуу жана айтып берүү эмес, материалга таянып суроолорго жооп берүү, окуу китебинен тандап, иллюстрациялык материалдарды даярдоо.

Окуучулардын иш аракеттери: мугалимдин лекциясын конспектилөө, синхрондуу таблица түзүү, мугалимдин лекциясынын материалдары боюнча же проблема боюнча колдо болгон материалдын жардамы менен жалпылоо мүнөзүндөгү дил баяндарды даярдоо. Эгерде окуучу көлөмү чакан материалга салыштыруу жолу боюнча өз алдынча чыгармачылык менен иштей алса, анда репродуктивдүү метод анын алган билимдерин бекемдөөгө жана аң сезимдүү кабыл алууга (сиңирүүгө) шарт түзөт. Окуучулардын ой жүгүртүүсүн өстүрүү үчүн ар бир материалга сын көз караш менен кароодо репродуктивдүү метод билимди өздөштүрүүдө догмалык коркунуч жаратпайт.

## ЛИТЕРАТУРА

1. Смирнов А.А. Проблемы психологии памяти. - М.,1966. – С. 332.